КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

07.07.2023 ж. № 74/XXII – 6

**Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын 2022 – жылынын 7 - сентябрындагы № 46 / XVI -1 «Кайыңды шаарынын «Жеңиш» паркында жайгашкан стадионду мындан ары сарамжалдуу пайдалануу перспективасы жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын “Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясынын 07.09.2022-жылынын 7-сентябрындагы № 46/XVI-1 “ Победа” паркындагы стадионду мындан ары сарамжалдуу пайдалануу келечеги жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” кайрылуусун карап, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 67-беренесине, «Муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Кайыңды шаарынын мэриясынын бюджетин толуктоо максатында көпчүлүк депутаттардын пикирин эске алуу менен Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1. Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясынын 2022-жылынын 7-сентябрындагы № 46/XVI-1 “Кайыңды шаарынын “Победа” паркында жайгашкан стадионду мындан ары сарамжалдуу пайдалануу перспективасы жөнүндө” токтомунун 1-пунктуна өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин.

**Эске алынсын:** Кайыңды шаарынын «Победа» паркындагы стадиондо массалык - маданий жана спорттук иш-чараларды өткөрүүдө, бюджетти толтуруу максатында, депутаттардын көпчүлүгүнүн пикирлерин эске алуу менен, башка райондордон жана айыл округдарынан, башка уюмдарынан, мекемелеринен жана тургундарынан муниципалдык менчик ээсинен тышкары бир күндө 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө ижара акысын белгиленсин.

2.«Каинда» муниципалдык футбол клубуна чарба жүргүзүү укугунда оперативдүү башкарууга төмөндөгүлөр өткөрүлүп берилсин:

- “Победа” паркындагы стадиону
- №1 КЛМ стадиону
- Коммунистическая көчөсүндөгү кичи футбол аянтчасы

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т.Иманкулов**